Момундун ишине таң каламын. Анын бардык иши жакшылык. Мындай момун үчүн гана болот

Сухайб (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Момундун ишине таң каламын. Анын бардык иши жакшылык. Мындай момун үчүн гана болот. Эгер ага кубаныч болсо, ага шүгүр кылат. Бул ал үчүн жакшы. Эгер ага зыян болсо, ага сабыр кылат. Бул да ал үчүн жакшы».

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыймандуу адамдын абалына ыраазы болуу менен таң калганын айткан; анткени, анын ар бир абалы ал үчүн жакшылык. Мындай жакшылык ыймандуулардан башкаларда болбойт. Эгер кубанычка бөлөнсө, ал үчүн Аллахка шүгүр кылат; шүгүр кылганы үчүн соопко ээ болот. Эгер кыйынчылыкка кабылса, сабыр кылат. Аллахтан сооп күтөт. Сабыр кылганы үчүн соопко ээ болот. Ошентип ал кандай абалга кабылбасын баары бир соопко ээ болот.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3298